УДК 340.114.5 DOI: 10.36979/1694-500X-2021-21-7-131-136

# ПРАВОСОЗНАНИЕ И ПРАВОВАЯ КУЛЬТУРА ЛИЧНОСТИ

***Т.Т. Торомырзаев, Т.Ж. Боронбаев***

Предлагается определить общественную специфику правовой культуры личности, ее виды, структурированность по различным основаниям, качественное состояние, определить необходимость и пути реализации на каком-либо уровне правосознания, законности, юридической практики и законности, охватывающих все человеческие, государственные, общественные и личностно-значимые ценности в области права, дать рекомендации по улучшению процесса реализации общественно значимых ценностей правовой культуры, видов выполнения ее социокультурной ориентации. Предприняты попытки проанализировать ее особое место в социокультурном пространстве, отличия от других видов культуры, законность в правовых отношениях, правовую ценность в процессе общего общественного развития, юридическую обусловленность, ее характеристики как слоя правовой культуры в государственно-политическом сознании нации, его широкий и узкий смысл, общественно-значимость, признаки и обязательства деятельности людей в области государственно-правовых отношений.

*Ключевые слова:* правовая культура; правосознание; правосознание; уровень правовой культуры.

# УКУКТУК АҢ-СЕЗИМДҮҮЛҮК ЖАНА ИНСАНДЫН УКУКТУК МАДАНИЯТЫ

***Т.Т. Төрөмырзаев, Т.Ж. Боронбаев***

Бул макалада инсандын укуктук маданиятынын коомдук өзгөчөлүгүн, түрлөрүн, ар түрдүү негиздер боюнча түзүмдөшүүсүн, сапаттык абалын, анын укук тармагындагы адамзаттык, мамлекеттик, коомдук жана инсандык маанидеги бардык баалуулуктарын камтыган кайсы бир деңгээлдеги укуктук аң-сезимдин, мыйзамдуулуктун, юридикалык тажрыйбанын жана мыйзамдуулукту өркүндөтүүнүн зарылдыгын жана жүзөгө ашыруу жолдорун сунуштоо, укуктук маданияттын коомдук маанидеги баалуулугун, анын социалдык-маданий багыттоочу милдеттенмелеринин аткарылыш түрлөрүнүн жараянын жакшыртуу сунушталат. Анын социалдык-маданий мейкиндигиндеги өзгөчөлөнгөн ордуна, маданияттын башка түрлөрүнөн айрымачылыктарына, укуктук мамилелердеги мыйзамченемдүүлүгүнө, жалпы коомдук өнүгүү жараянындагы укуктук баалуулугуна, юридикалык шарттуулугуна, улуттун мамлекеттик-саясий аң-сезиминдеги укуктук маданий катмар катарындагы мүнөздөмөлөрүнө, анын кенен жана кууш маанидеги түшүнүктөрүнө, адамдардын мамлекеттик-укуктук мамилелер жаатындагы ишмердүүлүгүнүн коомдук-маанилүүлүгүнө, белгилерине жана милдеттемелерине талдоо жүргүзүү аракеттери көрүлгөн.

*Түйүндүү сөздөр:* укуктук маданият; укуктук аң-сезим; укуктук маданияттын деңгээли.

# LEGAL AWARENESS AND LEGAL CULTURE OF THE INDIVIDUAL

***T.T. Toromyrzaev, T.Zh. Boronbaev***

The article proposes to determine the social specifics of the legal culture of the individual, its types, structuring on various grounds, the qualitative state, to determine the need and ways to implement at any level of legal awareness, legality, legal practice and legality, covering all human, state, public and personally significant values in the field of law, to give recommendations for improving the process of implementing socially significant values of legal culture, types of implementation of its socio-cultural-oriented. The attempts were made to analyze its special place in the socio-cultural space, differences from other types of culture, legality in legal relations, legal value in the process of general social development, legal conditionality, its characteristics as a layer of legal culture in the state-political consciousness of the nation, its broad and narrow meaning, social significance, signs and obligations of people's activities in the field of state-legal relations.

*Keywords: legal* culture; legal consciousness; level of legal culture.

Укуктук маданият мамлекеттик бийлик таянуучу укуктун аң-сезимдик баалуулугунун даражасын камтыган, укуктук түшүнүктүн деңгээлин мүнөздөйт. Укуктук маданият: кесиптик жана салттуу-тиричилик түзүмдөрүнөн турат. Укуктук маданияттын жогорку деңгээлиукуктук мамлекеттин белгилеринин бири. Укуктук маданият коомдун жана инсандын ар кандай негиздердеги түзүмдөштүрүлүүгө тийиш болгон сапаттуу укуктук абалы катары кабыл алынуучу өзгөчө социалдык көрүнүшү болуп саналат. Укуктук маданият теориясындагы топтолгон материалдарды комплекстүү пайдалануу биринчи кезекте маселени ар тараптуу изилдөөнү камсыз кылуу үчүн зарыл. Ошону менен бирге ар бир так учурда биринчи мерчемге маданияттын тигил же бул түрүн түшүнүүдөгү так аныкталган критерий коюлат.

Ошентип, цивилизациянын калыптанышындагы адамдын укуктук жашоодогу ээлеген абалын жогорулатуу ыкмасынан алсак, анда биринчи кезекте укуктук маданияттын функционалдык-мазмундук жагына көңүл буруу зарыл болот. Бул жерде укуктук маданият адамдардын укук жаатында жараткан бардык баалуулуктарды камтуучу, мыйзамдардын жана юридикалык практиканын, укуктук аң-сезимдин жана мыйзамдуулуктун деңгээлин чагылдырган, коомдук маданияттын бир түрү катары көрүнөт.

Психологиялык, философиялык жана юридикалык адабияттарда укуктук маданияттын коомдун укуктук курамындагы (правовой надстройке) орду жөнүндө ар түрдүү; юридикалык курамдын түзүмүнөн кийинки түзүмчөнүн элементинен, мисалы, укуктук аң-сезимдин элементи катары таануудан, укуктук тарбиялоонун бөлүгүнөн баштап, укуктук маданияттын укуктук тутумчасы менен бирдейлигине же, ал тургай анын чегинен тышкары чыгуучу укуктук тутумча иретиндеги пикирлер бар. Эгерде биринчи көз караш укуктук маданиятты изилдөөнүн эрте баскычы үчүн мүнөздүү болсо, экинчи көз караш жакында эле пайда болгон. Демек, коомдун укуктук тутумчасы - укуктук кошумча курам жана укуктук маданият өз ара бүтүндүүлүк жана сапаттык өз ара байланышта болот. Бул укуктук маданият бүтүндөй укуктук чындык болмушту, ошондой эле анын айрым компоненттеринин өнүгүү деңгээлин чагылдырган укуктук түзүлүштүн сапаттык абалын мүнөздөйт. Укуктук маданият укуктук түзүмчөнүн бир бөлүгү, же тармагы болуп эсептелбейт, бирок, анын сапаттык мүнөздөмөсү катарында коомдун укуктук турмушундагы (мисалы, мыйзамдуулук, укуктук эркиндик, социалдык адилеттүүлүк, укукту урматтоо) белгилүү бардык чөйрөлөрүн камтыйт. Бирок, бегилей кетчү нерсе, коомдун укуктук жашоосу, укуктук болмуш жана укуктук түзүмчө болушунча кеңири жана көп жагынан бири-бирине жакын категориялар катары чечмеленет. Белгилеген объектти түзүм катары кароо, бизге юридикалык ишмердүүлүктү, укуктук аң-сезимди жана коомдун укуктук турмушунун субъектисин камтыган коомдун укуктук түзүмү жөнүндө айтууга мүмкүндүк берет [1].

Укуктук маданиятты жалпы аныктоо контекстинде, конкреттүү коомдогу (цивилизациялардагы) адамдардын коомдук-укуктук багыталуучулук милдетин аткаруучу ченемдердин, баалуулуктардын, юридикалык институттардын, жараяндардын жана түрлөрүнүн жыйындысы катары көрсө болот.

Укуктук маданият социо-маданий мейкиндикте өзгөчөлөнгөн орунга ээ. Ал маданияттын башка түрлөрү менен (материалдык, руханий, саясий ж. б.) толугу менен дал келбеген, материалдык да, идеалдык да, руханий компоненттердин уникалдуу, өзгөчөлүү айкалышын түзөт.

Укуктук жана саясий маданият, мамлекеттин ишмердүүлүгү, саясий бийлик мамилелеринин субъекттеринин чөйрөсүндөгү укуктук мамилелерге чыккан, бирок, саясий мыйзам ченемдүүлүк менен алардын табиятын өзгөртпөгөн, же жокко чыгарбаган, белгилүү жалпы кырларга ээ.

Укук – бул, өздүк мыйзам ченемдүүлүктөрүнө баш ийген адам тажрыйбасынын катмары болгон инсандардын, элдин материалдык жана рухий чыгармачылыгынын, айрым өзгөчө түрү жана келбети болуп саналат.

Укуктук маданият-жалпы социалдык жараяны аркылуу жетилүүчү адамдын шайкеш өнүгүүсүнүн өз алдынча бир формасы. Бул жараян коомдун ырааттуу өнүгүүсүнө зарыл болгон юридикалык шарттарды түзүү жана, укуктук

баалуулуктарды (коомдук талаш-тартыштарды чечүү ыкмалары, адам укуктарын камсыздоочу институттар ж.б.) жаратуу менен бирге байланыштуу. Укук менен юридическалык ыкма-аспаптар коомдун миң жылдыктар аралыгында топтолгон, зомбулуктун, өз билемдүүлүктүн, материалдык жана рухий жыргалчылыктардын бузулушуна жол бербөөнү уюштурушат. Укуктук маданият терс укуктук, демек, терс коомдук жүрүм-турумду четөөчү, чогултуучу келбетте чыгат [2].

Укуктук маданият адамзаттын топтолгон юридикалык баалуулуктарынын «мемориалы» болуп, ал алардын сактоочусу, селекционери, генератору жана коомдук мамилелердин башка чөйрөлөрүнө ретрансляторлоочусу. Укуктук маданият – бул, тарыхый тандоонун, маңдай-тер эмгектин, адамдык рухтун сапаттарын камтыган макамдардын, режимдердин, жараяндардын, институттардын, юридикалык актылардын, ченемдердин бардык элементтерин тирүү организми болгондуктан, укуктук маданиятка аяр мамиле кылуу социалдык жараяндын шарты, адамдын инсандуулугун жакшыртуу боюнча аракеттердин натыйжалуулугунун кепилдиги болуп саналат. Укуктук маданияттын продуктулары – юридикалык ченемдер, укук эстеликтери, чыр - чатактарды чечүүнүн ыкмалары, юридикалык иштердүүлүктүн тажрыйбасы, элдик укуктук фольклор салттуу маданий баалуулуктардан кем эмес сакталууга жана корголууга муктаж. Укуктун маданий катмарын талкалоо улуттун мамлекеттик-саясий аң-сезиминдеги толтурулгус жоготууларга, коомдук мамилелердеги өз билемдүүлүккө жана хаоско алып келүү кесепеттери менен байланыштуу [3].

Укуктук маданият - улуттук укуктук өзгөчөлүктүн мамлекеттүүлүктүн, укуктук тартиптин, укуктук түзүмдүн дээрлик жалгыз глобалдашкан келбети аркылуу жаралуучу баалуулугу жана өзгөчөлүктөрү. Анын интернационалдык жана бир эле убакта улуттук мүнөзү укуктук маданияттын бул жараяндарда биригүүсүнө жана өздүк жөндөлүүсүнө жол берет.

Аталган укуктук маданияттын мүнөздөрү бул жараяндын таанып билүүдөгү анын татаал гносеологиялык макамынын татаалдыгын түшүндүрүп, укуктук маданияттын теориялык доктринасындагы көптөгөн көз караштардын, түшүнүктөрдүн темасы болуп келүүсүн жаратууда.

Укуктук маданият субъекттери боюнча инсандын укуктук маданиятына жана коомдун укуктук маданиятына ажыратылат:

- укуктук маданият бул адамзаттын укук жаатында топтолгон, укуктук чындыкка тиешелүү коомдун баалуулуктары болгон укуктук аң-сезиминин деңгээли, мыйзамдуулук режими жана укуктук тартиптүүлүк, мыйзамдардын абалы, юридикалык практиканын ж. б. түзүмүнөн турган жалпы маданияттын бир бөлүгү. Коомдун укуктук маданиятынын натыйжасы болуп, айрым инсандардын, жамааттардын жана башка субъекттердин социалдык-укуктук активдүүлүгү, укуктары саналат жана ал мындай активдүүлүктүн башаты, жалпысынан инсандын укуктук маданиятынын негизги булагы болуп саналат. Коомдун укуктук маданияты – бул укукту материалдык жана руханий жактан өндүрүүнүн бардык чөйрөсү, элдин так бир тарыхый мезгилдеги юридикалык тажрыйбасы. Коомдун укуктук маданияты өлкөдөгү мыйзамдуулуктун абалы, коомдук укуктук аң-сезимдин өзгөчөлүгү, массалык укуктук маалыматтын деңгээли менен мүнөздөлөт;
- инсандын укуктук маданияты – бул инсандын коомдун укуктук маданияты менен шартталган укук ченемдүү ишмердүүлүгү камсыз кылуучу прогрессивдүүөнүгүүсүнүн даражасы жана мүнөзү. Ошондой эле, инсандын укуктук маданияты деп, адамдын жашоо жараянындагы укуктун талаптарын билүүсү, түшүнүүсү, аң-сезимдүү аткаруусу да түшүнүлөт.

Укуктук маданият деген сөздүн кеңири маанисинде өзүнө бардык укуктук баалуулуктарды (мыйзамдарды өнүктүрүүнүн жогорку деңгээли, укук таануу илими, мыйзамдуулук, укук тартиби ж. б.) камтыйт жана ар бир инсандын (индивиддин) өздүк маданиятынын бир бөлүгүн түзөт. Ал эми ар бир инсандын укуктук маданиятынын тар (кууш) маанисинде болсо, анын колдонуудагы мыйзамдардын туура түшүнүүсүн, аларды сактоосун, аткарууну, колдонууну жана ар кандай мыйзамдуулуктун бузулууларына жол

бербешин билдирет. Укуктук маданияттын жогорку деңгээли, адам коомдук жараяндардын кош көңүл байкоочусу болбостон, социалдык-укуктук активдүүлүктү көрсөтүп, мыйзамдуулукту бекемдөө максатында өзүнүн укуктук билимин пайдаланат дегенди билдирет [4].

Ошентип, укуктук маданият – бул, адамдардын мамлекеттик-укуктук мамилелер чөйрөсүндө социалдык-маанилүү чыгармачылык ишмердигинин бир формасы болуп саналат.

Укуктук маданияттын түзүмүнө: 1) укуктук аң-сезим; 2) укук; 3) укуктук мамилелер; 4) мыйзамдуулук жана укук тартиби; 5) субъекттердин укук ченемдүү ишмердүүлүгү; 6) мамлекеттик укуктук институттар; 7) юридикалык илим; 8) юридикалык актылар, кирет.

Ар бир мамлекеттин укуктук маданияты жалпы, өзгөчө, ошондой эле өздүк сейрек белгилерди камтыйт. Инсандын укуктук маданияты - анын юридикалык маанилүү жүрүм-турумуна таасир берүүчү юридикалык билиминен, турмуштук тажрыйбасынан жана укуктук ыкмаларынан көз каранды болгон улуттун, коомдун ж.б.у.с., укуктук маданияттынын бир бөлүгү. Инсандын укуктук маданияты да укуктук аң-сезими катары дайыма өз ара аракеттеги көнүмүш, кесипкөй, теориялык деңгээлдерге ээ. Алар мамлекет жана коомдун ( диний, кесипкөй, аскер ж.б. уюмдар) бардык саясий түзүмүнүн институттары тарабынан жүргүзүүгө тийиштүү укуктук тарбиялоо жараянында калыптанат. Юридикалык билим менен тажрыйбаны өткөрүү жараяны адамдын аң-сезимине жана жүрүм-турумуна таасир этүү аркылуу, анда оң ой түшүнүктөрдү, көз караштарды, баалуу багыттарды, сезимдерди, эмоцияларды калыптандырат. Мунун баары, инсандын укуктук ченемдерди сактоосуна, аткаруусуна жана пайдалануусуна таасир берип, мыйзамга баш ийүүчүлүктү тарбиялоого көмөктөшөт [4].

Таанып-билип-өзгөртүү милдети ченемдерди, мыйзамдарды, жараяндарды, кодекстерди ж.бу.с. юридикалык билимдерди билүүгө жана аларды иш жүзүндө туура колдонууга багытталган.

Укуктук коомдоштуруу (правосоциализаторская) милдети социалдык бир тектүү эмес коомду бириктирүүгө жана көзөмөлдөөгө багытталган, анткени, мыйзамдар кайсы бир деңгээлде коомдун жалпы кызыкчылыктарына жооп бергендигинен улам гана оң кабыл алынат.

Баалуу-ченемдүүлүк наркы (предметом ценностно-нормативной оценки) болуп укуктук мамилелер, ченемдер ж. б. саналат. Болмушта биринчи кезекте, тигил же бул ченемди талкуулоодон жана аны ишке ашыруудан мурда, бизди ар түрлүү чечимдерди колдонууга түрткү берүүчү жагдайлардын бир кыйла тобун салыштыруу зарыл. Көптөгөн ченемдердин арасынан жападан жалгыз туурасын тандап алууда, туура чечим кабыл алууга туура жана так багытты табууга жардам бере алуучу механизми болуп саналган укуктун өзөк затын (предметин), мыйзамдарды так билүү, адеп-ахлактык жана укуктук маданияттын жогорку деңгээлин алып жүрүү менен гана мүмкүн. Укуктук аң-сезимдин өнүгүү деңгээли өздүк мүнөздөмөлөргө ээ болгон реалдуу укуктук ишмердүүлүктө жана укуктук жүрүм-турумда гана белгилениши мүмкүн. Ошондуктан укуктук маданияттын түзүмүнүн экинчи элементи болуп укуктук ишмердүүлүктүн өнүгүү деңгээли эсептелет. Ал, теориялык – окумуштуу-юристтердин ишмердүүлүгү, билим берүү – юридикалык мектептердин, жогорку ж. б. окуу жайларынын угуучуларынын жана студенттеринин, практикалык-мыйзам чыгаруучу жана жүзөгө ашыруучу, анын ичинде укук колдонуучу ишмердүүлүктөрүнөн турат.

Коомдогу укуктук маданиятты жогорулатуунун эки маанилүү критерий бар – алар, мыйзамдарды өнүктүрүү деңгээли жана өлкөдөгү мыйзамдуулуктун абалы. Бул көрсөткүчтөр укуктук маданияттын эки өлчөмүн: ченемдик-милдеттүүлүгүн жана иш жүзүндө-маанилүүлүгүн мүнөздөйт, алардын шайкештигинен жана өз ара макулдугунан укуктук жашоонун деңгээли көз каранды.

Коомдун жогорку мыйзамдуулук маданиятынын белгилеринин катарына төмөнкүлөр кирет:

- мыйзамдардын коомдук негиздүүлүгү, бул ченемдик актылардын мазмунунун коомдун өнүгүүсүнө ылайыктыгын билдирет, укуктук илимдин жетишкендиктеринин, алдыңкы юридикалык практиканын, улуттук руханий менталитеттин каада-салттарынын мыйзамдардагы чагылдырылышы;

- мыйзамдарды жүзөгө ашыруунун юридикалык механизмдерин иштеп чыгууну болжолдогон техникалык-юридикалык өркүндөтүү;
- юридикалык тилдин тактыгы жана түшүнүктүүлүгү, укуктук-ченемдик актылардагы, соттук жана административдик чечимдердеги колдонулуучу терминдердин, аныктамалардын так маанилүүлүгү;
- мыйзамдардын маанисинин жана мазмунунун туура келиши, аларды каалагандай чечмелөөнүн мүмкүн эместиги, мыйзамдардагы бир катар боштуктардын, кайталоолордун, башка деңгээлдердеги актылары менен карама-каршылыктардын жоктугу;
- мыйзамдардын натыйжалуулугу – анын дайындалышынын жетилген социалдык натыйжаларга шайкеш келүүсү. Адамдардын аң-сезиминде, жүрүм-турумунда колдонууга жана колдоого алынбаган мыйзамдар, кандай гана «жакшы», «прогрессивдүү» болбосун коомдук баалуулук катары каралышы мүмкүн эмес.

Укуктук маданият мыйзам бузууларга жол берилген, адам укуктары жана эркиндиктери сакталбаган, кызмат адамдарынын өз билемдиги күчөгөн, көзөмөлгө алынбаган кылмыштуулук жана башка юридикалык назиктиктер менен мыйзамдуулуктун тирешүүсү бар коомдо мүмкүн эмес [5].

Бул жагдайлардын бардыгы, укуктун субъекттери тарабынан мыйзамдардын жана аларга негизделген ченемдик актылардын катуу сакталышы менен мүнөздөлүүчү социалдык орнотмо (режим) - мыйзамдуулук категориясында жалпыланат. Коомдун укуктук маданияты өлкөдөгү мыйзамдуулуктун жогорку деңгээлин, мыйзам сактаган жарандарга кол салуудан коргоого, тартип бузуучуларды өз милдеттерин аткарууга мажбурлоого жөндөмдүү натыйжалуу механизмдерди болжолдойт [6].

Укуктук маданият-коомдун жашоосунун маанилүү жактарынын биринин көп маанилүү мүнөздөмөсү. Бул укуктук аң-сезимдин жогорку жана толук түспөлү. Эгерде укуктук аң-сезим коомдун турмушунун руханий гана жагын камтыса, коомдук аң-сезимдин бир гана бөлүгү болсо, анда укуктук маданият өзүнө руханий мүнөздөмөлөргө кошо укуктун «материалдык кошумчалары» болгон - юридикалык мекемелерди, алардын уюмдарын, мамилелерин да камтыйт; укуктун, соттун, нотариаттын, арбитраждын жана башка системалардын коомдогу ролу кандай болсо, алардын ишмердүүлүгүнүн маданияты, жарандар менен мамилелери, мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, коомдогу мыйзамдуу кызыкчылыктарын билүү жана сактоо ыкмасы, да ошондой болот.

Маданий ченем дайыма коомдук, себеби адамдын ишмердүүлүгү коомдук ченемделген Маданияттын ченемдүүлүгү социалдык бүтүндүккө кирген жеке инсандын аракеттерин координациялоону жана уюштурууну камсыздайт. Ченемдүүлүк уюштуруучулук жана координациялык каражат катары мамилелерди жана жүрүм-турумду институционалдаштыруу түспөлүндө көрүнөт. Анын мазмуну инсандан көз карандысыз объективдүү жүрүм-турум эрежелеринин пайда болушу жана алардын аткарылышынын камсыз кылынышы саналат. Мамилелерди институционалдаштыруу жараяны аларды формализациялоону жана стандартташтырууну болжолдойт. Антпесе коомдук турмуштун субъекти аны менен байланыштуу башка субъекттердин аракеттерин алдын ала көрө алмак эмес жана жамааттык бүтүндүктүн, анын ичинде коомдун өз ара иштөөсүн камсыздай алмак эмес. Дал ушул, адамдардын жүрүм – турумун жөнгө салуучу калыптанган институт системасы-адам коомунун спецификалуу айырмачылыктарынын бири.

Маданият ченемдери адамдардын ортосундагы мамилелерди адегенде башка жүрүм-турум эрежелеринен мурда институционализациялайт. Тикелей адамдын сапатын чагылдырып, алар абдан терең ченемдик системаны түзөт. Маданий ченемдер тарыхый жактан шексиз алгачкы. Алар бардык башка ченемдик түзүмдөрдүн: адеп-ахлактын, диндин, эстетиканын, укуктун негизин курайт.

Алгачкы коомдук түзүлүштө, бүтүн коомдук түзүлүштүн ордунда тууганчылык жамааттарынын бирикмелери турган учурда, албетте, маданий ченемдер, жалпы мааниге ээ боло алган эмес, демек, жалпы милдеттүү, башкача айтканда, укуктук болгон эмес. Ал жерде жеке (коомдук эмес) байланыштар гана институтташтырылган.

Кийин гана адамдардын коомго кооперациялануусу сыяктуу универсалдуу ыкма калыптангандан соң, маданий ченем социалдык организмдин курамына кирип, жалпы милдеттүү, же укуктук болуп калган. Маданият ченеми боло албаган жүрүм-турум эрежелери укукка киргизилбеген. Демек, укук-маданияттын бир бөлүгү жана жагы болуп саналат.

Адамзаттын маданий тарыхы, укук менен мамлекеттин мезгил-мезгили менен терең кризистик абалга киререрин көрсөтүп турат. Бул кризистердин себеби болуп, адамзат укуктук тартиптүүлүктү куруууда, сөзсүз саясий биригүү максаттын ордуна шарттуу болуп саналуучу чакан тапшырмаларды жана жеке ойлорду жүзөгө ашыруу куралына айлантканында. Ушундан улам, укуктук жана мамлекеттик турмуштун алсыроосу, бийликтин демилгесиздиги жана анын кадыр-баркынын төмөндөшү, жарандарынын жана таптардын ортосундагы тилектештиктин жоголушу, мамлекеттердин ичиндеги жарандык жана элдердин ортосундагы туруктуу ачык согуштар келип чыгууда. Өзүнүн объективдүү дайындалуусу боюнча укук тартиптин, тынчтыктын жана бир туугандыктын куралы болуп саналат, бирок жүзөгө ашырылууда болсо, ал өтө көбүн эсе жалганды жана зордук-зомбулукту, талоонду, көтөрүлүштү жана согушту далдалайт. Укуктук нигилизм – бул, укуктук аң-сезимдин терс, бурмаланган (деформацияланган) жактарынын мүнөздөмөсү, б. а., укуктун сактоочу жана урматтоочу талаптарына терс жана өтө кескин көз караштагы аң-сезимдин идеологиялык жана психологиялык бөлүгү болуп саналат. Укуктук идеализм-бул укуктун ашырылып жиберилген негизсиз жана акталбаган мүмкүнчүлүктөрү, ага коомго бере албагандык танууланат.

Укуктук маданият субъекттердин укуктук тарбия берүү боюнча максаттуу ишмердүүлүктү жүргүзүүн жараянында гана жогорулашы мүмкүн. Укуктук тарбиялоо мамлекеттин, коомдун бардык саясий жана укуктук түзүмүнүн институттарынын жарандардын укуктук аң-сезимин калыптандыруучу жана моделдөөчү маанилүү каражаты болуп саналат [7].

Укуктук тарбиялоо окутуучу, тарбиялоочу жана маалыматтык мүнөздөгү иш-чаралардын бүтүндөй комплексинин ар кандай багыттарда жүзөгө ашырылшын болжолдойт жана аларды аткарууга мүмкүнчүлүктөр менен каражаттарга ээ. Мамлекеттик бийлик органдарынын укуктук тарбия берүүсү болуп, билим берүү чөйрөсү, искусство жана маданият, жалпы маалымдоо каражаттары аркылуу түздөн-түз таасир этүүсү саналат. Бул жагдайда мамлекеттик органдардын жана кызмат адамдарынын өздүк укуктук маданияты укуктук тарбиялоонун маанилүү аспектиси катары көргөзмө үлгү болуусу абзел.

***Литература***


1. *Каминская В.И.* Правосознание как элемент правовой культуры. Правовая культура и вопросы правового воспитания / В.И. Каминская, А.Р. Ратинов. М., 1994. С. 43.
2. *Кейзеров Н.М.* Политическая и правовая культура / Н.М. Кейзеров. М., 2003. С. 113.
3. Основы государства и права: учебник для вузов. М., 1994.
4. *Русинов Р.К.* Правосознание и правовая культура / Р.К. Русинов // Теория государства и права: учебник для вузов. М., 1997. С. 332.
5. *Сальников В.П.* Правовая культура: проблемы формирования гражданского общества и правового государства // Демократия и законность / В.П. Сальников. Самара, 1991.
6. *Токтогулов А.А.* Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктук абалынын конституциялык негизи / А.А. Токтогулов, Т.Т. Төрөмырзаев. Бишкек ш.: «Avrasya Press» басмаканасы, 2018-ж.
7. *Арабаев Ч.И.* Мүлктү менчикке өткөрүп берүү боюнча жарандык-укуктук келишимдер / Ч.И. Арабаев КР УИА «Илим» 17.09.2020-ж.. «Арип-Пресс» басмаканасы, Бишкек ш. 2020-ж.